Англис тили жана чыгыш тилдери усулдук кафедрасынын 2022-жылдын 14-февралдан 18-февралына чейин өтүлгөн англис тили жумалыгынын иш-чарасынын отчёт анализи.

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына ылайык жана окуучулардын англис тилине болгон кызыгуусун жана билим сапатын жогорулатуу максатындагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 2-февралындагы №99 /1 буйругунун негизиндеги "Англис тили жумалыгына "Англис тили глобалдуу коммуникациянын каражаты", "English as a global communication" темада англис тили жумалыгына өткөрүүгө кафедрада эмгектенген мугалимдер катышышты. Жумалыкты өткөрүү боюнча кафедрада алдын-ала планы түзүлүп, каралып, мектептин УБ нин методисти тарабынан макулдашылып, гимназия-интернптынын директору тарабынан бекитилди. Жумалыкты өткөрүү боюнча кафедра жетекчиси тарабынан кыскача маалымат берилип, түшүндүрүү иши жүргүздү. Жумалыктын ачылышынан кийин англис тили предметине тиешелүү дубал газеталар илинди. Англис тили жумалыгы 14-февралдан 18-февралга чейин болуп өттү.

1. 14-февралдан 16-февралга чейин дубал газета көргөзмөлөрүн уюштуруу.
2. 15-февралда 5-класстарда "A small house in the wood", "Sons" ролдуу жомоктор, 7-класстарында "Cindirella " деген темада ролдуу оюн сабак өткөрүлдү.
3. 16-февралда 5- а классында " Household objects" темасында ачык сабак, 8- класстарда "All about me" темасында резюме жаздырууну уюштуруу Абдиева Д.А. өткөрдү.
4. 17- февралда "English is fun" темасында 5-6-7-класстарда конкурс өтүлдү, окуучулар ырларды жатка айтып, табышмак чечишип, обондуу ырларды аткаруу болуп өттү.
5. 18-февралда 6- а класста "Tongue Twisters" темада ачык сабакты англис тили мугалими Эркинбаева К. өткөздү
6. 16 -февралда 5-6-7- класстар арасында, көркөм окуу, ачык каттар жасоо, кроссворд чечүү, сүрөт көргөзмөлөрүн көсөтүү жана ошондой эле "English speaking countries" деген темада конкурс уюштурулуп өткөрүлдү.
7. 18-февралда окуучулардын угуу, сүйлөө жана жазуу жөндөмүн кеңейтүү максатында 9-10-11-класстарында "Sightseeings of Kyrgyzstan" темада баарлашууну уюштуруу өткөрүлдү.
8. "English as a global communication" темасындагы англис тили жумалыгынын жабылышы 18-февралда жыйынтыкталды. Окуучуларга ыраазычылыктар айтылып, активдүү катышкан окуучулар грамоталар менен сыйланышты.

Иш чараны бирикмедеги эмгектенген мугалимдери уюштуруп, катышышты.

Усулдук кафедра жетекчиси: Абдиева Д.А.